КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Жалал-Абадмамлекеттик
университети

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАН
И НАУКИ
Жалал-Абадский
государственный университ

# БУЙРУК №138

Жалал-Абад шаары 2019-жыл 7-май

2018-2019-окуу жылынын жазгы экзамендик сессиясына даярдануу жана ийгиликтүү аяктоо максатында кафедра башчылары, факультеттин декандары жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр төмөнкү иш чараларды аткарышсын:

§ 1

Кафедра башчыларына, бөлүм башчыларына:

1.1. Кафедранын жыйынында кафедранын бир жылдык иши каралуусун;

1.2. Кафедрага бекитилген предметтер боюнча модулдардын жыйынтыгы, студенттердин жетишүүсү анализделип, модулдун жана «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" жоболорго ылайык модулдарын тапшырбаган студенттер боюнча маалыматтарды тиешелүү деканаттарга сессия башталганга чейин берилүүсүн;

1.3. Окутуучулардын жекече иш пландары, кафедралык жана тайпалык журналдар эрежеге ылайык толтурулуп, жабылып, бөлүнгөн саат жүктөмдөрүнө дал келиши текшерилүүсүн. Саат жүктөмдөрүнүн аткарылышы студенттердин кыймылына жараша берилүүсүн;

1.4. Бекитилген предметтер боюнча тесттик суроолор AVNге жүктөлүүсүн;

1.5 Предметтер боюнча экзамендин суроолору атайын доскаларда илинүүсүн;

1.6. Кафедранын окуу жүктөмдөрүнүн аткарылышы боюнча отчет 25.06.2019-30.06.2019 чейин ОБга тапшырылуусун (отчет тапшырууда окутуучулардын жекече иш пландары ОБга текшерүүгө көрсөтүлсүн);

1.7. Кафедранын жыйынында кафедранын жылдык отчету каралсын. Жылдык отчет деканатка 23.06.2019 чейин берилүүсүн.

§ 2

Факультеттин декандарына, колледждин директорлоруна:

2.1. Экзамендик сессиянын жадыбалы окуу процессинин графигине ылайык түзүлүп, өз убагында бекитилүүсүн;

2.2. Модулдун жылдык анализи 23.06.2019 чейин ОБга тапшырылуусун;

2.3. Сессияга киргизүү кабыл алынган модулдун жана «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" жобосуна ылайык жүргүзүлүүсүн жана факультеттин деңгээлинде буйрутма чыгарылышын;

2.4. Экзамендик сессия, студенттерди сессияга киргизүү жана академиялык карыздарын тапшыруу "Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндө", "Студенттерди модулдарга жана экзамендик сессияга киргизүү, академиялык карыздарын кайра тапшыруунун тартиби жөнүндө" жоболорго ылайык жүргүзүлүүсүн. Студенттерди сессияга киргизүү боюнча буюрутма чыгарылуусун;

2.5. Жайкы семестр "Жайкы семестрди уюштуруу жөнүндө" жобого ылайык уюштурулуусун;
2.6. Жайкы семестрге катышып, бирок академиялык карыздарын жойбогон (келбеген) студенттер окуу жайдан чыгарылууга сунушталуусун;
2.7. Сессиянын жыйынтыгы (Форма 34) сессия бүткөндөн кийинки үч күн аралыгында декан тарабынан AVN боюнча анализ жасалып электрондук варианты менен ОБга тапшырылуусун;
2.8. Факультеттерде сессиянын жүрүшүн көзөмөлдөөчү коомдук комиссия түзүлүп өз ишин алып баруусун;
2.9. Экзамендер жадыбалда көрсөтүлгөн убакытта, бекитилген аудиторияларда, экзаменатор жана ассистенти менен бирге жүргүзүлүшүн көзөмөлдөөнү;
2.10. Жагымсыз жагдайларга каршы күрөшүү бекитилген иш план менен жүргүзүлүүсүн;
2.11. Факультеттерде сессиянын жүрүшү боюнча пикирлерди билдирүү үчүн ишеним почталары (ящиктер), ишеним телефондору (55968, 50455, 56552, декандын телефону) окуу имараттарынын көрүнүктүү жерлерине илинүүсүн;
2.12. Сессия учурунда деканаттын кызматкерлери тарабынан атайын кезмет, анын графиги, журнал уюштурулуп, сессиянын жүрүшү көзөмөлдөнүүсүн;
2.13. Факультеттин жылдык отчету окуу бөлүмүнүн инспекторлорунун катышуусу менен факультеттин Кеңешинде 25.06.2019 чейин каралып, ОБга 26.06.2019-30.06.2019 чейин тапшырылуусун( электрондук варианты менен);
2.14. "Ата мекендин тарыхы" предметинен мамлекеттик сынакты түрдүү себептер менен тапшырбаган студенттердин санын тактап, окуу жайдан чыгаруу жөнүндө курсуна карабастан сунуш берүү декандарга милдеттендирилүүсүн;

§ 3
Окуу бөлүмүнө:

3.1. Коомдук комиссиянын жазгы экзамендик сессиянын жүрүшү боюнча маалыматы административдик Кеңеште каралуусун;
3.2. Жазгы экзамендик сессиянын жүрүшү анализденип, Окмуштуулар Кеңешинде маалымат берилүүсүн;;
3.3. ОБ тарабынан кафедранын окуу жүктомдорунун аткарылышы боюнча маалымат эсептик бухгалтерге берилүүсүн.

Негизи: окуу бөлүмүнүн башчысынын билдирүүсү,ОИ боюнча проректордун чечими.

ЖАМУнун ректору: К. Ж. Усенов

КБнын башчысы: Б. Т. Осмонова

Юрист: А.Т. Акматова

Атк. КБнынинспектору А.Жамашева

көчүрмөсү анык